
# ЧОҢ ЭНЕМДИН КОЗУЛАРЫ



Автор: Алла Пятибратова

Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# ЧОҢ ЭНЕМДИН КОЗУЛАРЫ

Автор: Алла Пятибратова
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Чон энемдин козулары"(кыргыз тилинде) автор Алла Пятибратова, сүрөтчү Светлана Насынбатова, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Бабушкины овечки*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.


Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Чоң энем көпкө уктай албай жатты. Аркы капталына, берки капталына оодарылып, үшкүрүнөт. Анан үнүн чыгарып козуларды санап кирди… .

– Чоң эне, эмнеге козуларды санап жатасыз? – деди Дамир.



– Уйкум качып, уктай албай жатам. Тез уктайын деп санадым. Менин чоң энем да үн чыгарып, бир козу, эки козу, үч козу… деп саначу.

– Козуларды гана санаш керекпи? Кызыксыз го, зеригип кетесиң да, – деди Дамир.




– Зеригип? Жок, мен зерикпейм! – Чоң эне макул болгон жок.

– Мен да сиз менен кошо санайымбы? – Дамир да кызыгып калды.

– Кел, анда, бирге санайлы, – деди чоң эне.

– Бирок мен бегемотторду санагым келип жатат.



– Макул, Дамир, – Чоң эне небересинин айтканына көндү. – Сен кимди, эмнени каалысаң санай бер.

– Бир бегемот, эки бегемот, үч бегемот… – деп Дамир санай баштады.




Дамир кантип уктап кеткенин билбей калды. Түшүндө чоң бакчада жүрүптүр. Ал көк чөпкө отуруп алып, көзүнө эмне көрүнсө санап жатыптыр:

17 каакым,

5 ийнелик, 8 көпөлөк,


асмандагы 11 чымчык,

15 бак.



Дамир чөптөрдү санай баштады. Чөп өтө эле көп экен, санап жатып жаңылып калды.


Бир кезде бакчада козулар пайда болуп, ширелүү чөптү жей баштаышты.



– Муну карагыла! – деп Дамир түшүндө таң кала сүйлөндү. – Балким, булар чоң энемдин козулары болуп жүрбөсүн? Чоң энем санай турган козулары жок, уктабай жатса керек!

Ал козуларды санап кирди, баары – 25 экен.

– Чоң энеме баргыла! – деп суранды Дамир козулардан.



Эртең менен Дамир түшүндө чоң энесинин козуларын кантип санаганын айтып берди.

– Карасаң, сен жакка качып кеткен турбайбы? Мен таппай жаттым эле! Бирок бул менин тез уктап кетишиме тоскоол болгон жок. Козуларым сен айткан бакчада жайылып жүргөндө, мен сенин бегемотторуңду санап жатып, уктап калыптырмын, – деди чоң энем күлүп.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Алла Пятибратова
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова
Которгон жана адаптациялаган:
Абдыкерим Муратов



USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы


| | | |
|---|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли | |
| | 1.2 деңгээли | |
| | 1.3 деңгээли | |
| 2-класс | **2.1 деңгээли** | |
| | 2.2 деңгээли | |
| 3-класс | 3.1 деңгээли | |
| | 3.2 деңгээли | |
| 4-класс | 4.1 деңгээли | |
| | 4.2 деңгээли | |